**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы**
723600 Ош обл. Өзгөн ш., Манас к.
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерциялык Банк Кыргызстана"
э/э 1031520000159869
БИК 103015

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Ассоциация медицинских колледжей Кыргызстана**
723600 Ош обл. г. Узген ул. Манас
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерческий Банк Кыргызстан"
р/с 1031520000159869
БИК 103015

**KYRGYZ REPUBLIC**
**Association of Kyrgyz medical colleges**
723600 Osh region Uzgen city st.Manas
PIN: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Commercial Bank Kyrgyzstan"
р/а 1031520000159869
BIC 103015

# Буйрук

№ 24/3 «13» март 2024-жыл

## Медициналык колледждердин арасында «Мыкты лаборатория» сынагын өткөрүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө

Орто медициналык жана фармацевттик билими бар адистерди даярдоо сапатын жогорулатуу жана Кыргызстандагы медициналык колледждердин өз ара байланышын күчөтүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Тиркелген медициналык колледждердин арасында «Мыкты лаборатория» сынагын өткөрүү жөнүндө жобо (*Тиркеме №1*) жана уюштуру комитети (*Тиркеме №2*) бекитилсин.
2. Республиканын медициналык колледждердин директолору жеке менчик жана ведомстволук таандыгына карабастан (макулдашуу боюнча) бул буйрукту жетекчиликке жана аткарууга кабыл алышсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Кыргызстандагы медициналык
колледждердин ассоциациясынын төрагасы: Станбаев Ө.Т.

Кыргызстандагы медициналык
колледждери ассоциациянын
13-март 2024-жыл № 24/3
Буйругуна №1 ТИРКЕМЕ

# ЖОБО
## Кыргызстандагы медициналык колледждеринин арасында өткөрүлүүчү «Мыкты лаборатория» сынагы жөнүндө

### *Жалпы жоболор*

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын медициналык колледждеринин арасында "Мыкты лаборатория" сынагын өткөрүүнүн тартибин жана шарттарын аныктайт.

**Сынактын максаттары:**

КРдин медициналык колледждеринин арасында кыйла тар адистештирилген лабораторияларды – мисалы, металлдарды изилдөө, биохимиялык жана аналитикалык изилдөөлөр үчүн арналган лабораторияларды жабдуу жана окутуунун окуу-материалдык базасын модернизациялоо боюнча мыкты лабораторияларды жайылтуу жана аныктоо.

**Сынактын милдеттери:**

-медициналык колледждердин «лабораторияларынын» ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана аларды окуу- материалдары жана шаймандары менен жабдууга дем берүү;
- окуу процессине заманбап маалыматтык жана техникалык окутуу каражаттарын киргизүү;
- окуу процессин ишке ашыруу үчүн оптималдуу шарттар түзүлгөн мыкты лабораторияларды аныктоо.

**Кароо сынакка катышуу шарттары**

"Мыкты лаборатория" сынагы онлайн режиминде өткөрүлөт.

"Мыкты лаборатория" сынагы табыштаманын негизинде өткөрүлөт.

Сынакка менчигинин түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын бардык медициналык колледждери катыша алат.

Сынакка ар бир медициналык колледжден бирден окуу лабораториясы катыша алат.

Сынакка катышуу үчүн өтүнмө менен бирге окуу лабораториясынын фото жана видеоматериалдары (кабинеттин сүрөттөрү – 4 даана жана 1 видеоклип) tokmok-mk38@mail.ru электрондук почтасына жөнөтүлүшү керек.

**Өткөрүү мөөнөтү:**

- арыздарды берүү 18.03. - 25.03 чейин. 2024 (арыздын формасы тиркелет).
- Кабинеттердин кароо-сынагы 26.03.2024.
- Сынактын жыйынтыгын чыгаруу 27.2024.

Окуу лабораторияларын баалоонун критерийлери жана көрсөткүчтөрү

I. Окуу лабораториясында керектүү документтердин болушу:

- ■ паспорт;
- ■ бар болгон жабдуулардын тизмеси;
- ■ коопсуздук эрежелери боюнча нускама;
- ■ окуу жылына окуу лабораториясынын иш планы;
- ■ окуу лабораториясынын иш тартиби (график).

II. Окуу лабораториясы үчүн жабдуулар

Лаборатория төмөнкүлөр менен жабдылышы керек:

- негизги жана көмөкчү жабдууларды, изилдөөлөрдү жүргүзүү жана үлгүлөрдү алуу жана даярдоо, сактоо, реагенттерди аралаштыруу, термикалык жана башка даярдоо, чыпкалоо, өлчөө, коопсуздукту көзөмөлдөө жана башка иш-аракеттер үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу үчүн приборлор.

Керектүү лабораториялык жабдуулардын тизмеси:

• изилдөө үчүн лабораториялык стол;

• тартып чыгаруучу (вытяжной) шкаф ;

• желдетүү (вентеляция);

• канализация жана суу менен камсыздоо;

• электр зымдары;

• жарыктандыруу;

• спирт жана газ күйгүчтөрү:

• сууну жылытуу приборлору;

• кысылган аба, буу, техникалык суюктуктарды, вакуумдук линияларды берүү үчүн жабдуулар;

• учуучу, жарылуучу жана күйүүчү заттарды сактоочу шкаф;

• изилдөө үчүн материалдар (реактивдер, реагенттер)

• дистилляторлор,

• таштандыларды чогултуу жана жок кылуу үчүн жабдуулар;

• контролдоо-өлчөө жабдуулары – таразалар, температураны, тыгыздыкты, басымды жана башка параметрлерди өлчөө үчүн приборлор;

• сыноо жабдуулары;

• микроскоптор;

• лабораториялык айнек идиштерди жуу жана тазалоо үчүн жабдуулар;

• электр тогуна жана өрткө каршы коргонуу каражаттары, биринчи жардам көрсөтүүчү аптечка.

III. Лабораториянын жасалгаланышы:

1. Лабораториялык мейкиндикти оптималдуу уюштуруу:

■ мугалимдин жумуш орду;

■ студенттер үчүн орундар;

■ окуу-методикалык материалдарды жайгаштыруу, көрсөтмө жана техникалык окуу куралдары.

2. Туруктуу жана алмаштыруучу окуу-маалыматтык стенддердин болушу.

Стенд маалымат камтыйт:

- лабораториялык иштерди аткаруу боюнча методикалык сунуштар;
- калдыктарды чогултуу жана жок кылуу боюнча инструкциялар;
- контролдоо-өлчөөчү приборлорду пайдалануу боюнча инструкциялар.

3. Лабораторияларды жасалгалоодо эстетикалык талаптарды сактоо (лабораторияны жасалгалоодо бирдиктүү стилди сактоо, мугалимдин жумуш ордун жасалгалоо маданияты).

IV. Лабораторияда сакталыш керек:

- өрт коопсуздугунун эрежелери;
- техникалык коопсуздук эрежелери;
- санитардык-гигиеналык нормалар:

• жарык жана аба режими;

• эмеректин абалы;

• бүтүндөй лабораториянын абалы (пол, дубалдар, терезелер).

**Жыйынтык чыгаруу**

«Мыкты лаборатория» сынагынын жыйынтыгын уюштуруу комитети чыгарат. Кароонун жыйынтыгы боюнча уюштуруу комитети жеңүүчүнү аныктайт жана Кыргыз Республикасынын медициналык колледждеринин арасында «Мыкты лаборатория» наамын ыйгарат.

Кыргызстандагы медициналык
колледждери ассоциациянын
13-март 2024-жыл № 24/3
Буйругуна №2 ТИРКЕМЕ

**Кыргыз Республикасынын медициналык колледждери арасында окуу лабораторияларынын сынагын өткөрүү боюнча уюштуруу комитети**

**Төрайымы**:

Асаналиева Э.Ч.- Токмок медициналык колледжинин директору

**Мүчөлөрү**:

Усубалиева Ч.С. - Бишкек медициналык колледжинин директору

Исраилов Б.С.- Кара-Балта медициналык колледжинин директору секретарь:

Айдралиева Ж.Ш.- ТокМКнын ОИ боюнча директорунун орун басары.